# Картайтпайт мени заманам.

Сайраган булбул тилиндей,

Көшүтүп көзгө илинбей.

Жаш кезиң өтөт турбайбы,

Жадырап жайнап билинбей.

Селкилер менен алышып,

Бозойлор менен жарышып .

Жүргөн кез түшсө сен ага

Жүрөгүм кетет сайышып.

Чечедей болуп кадала,

Чыкпайт го ал кез санаадан.

Чачыңды буурул бассада

Картайтпайт мени заманам.